“Бекитемин”
М.М.Адышев атындагы
ЭжжТУнун ректору,
т.и.к., доцент
Ж.Ж.Турсунбаев
_______________
_______________ 2024-ж

**Нускама**

## Студенттер үчүн техникалык коопсуздук боюнча нускама

Техникалык коопсуздук боюнча инженер: ____________ А.Токтосунов

1. Коопсуздуктун жалпы талаптары

1.1. Окуу жана өндүрүштүк практика окуу прцессинин түзүмдүк бөлүгү болуп эсептелет, ошого байланыштуу окуу процессин уюштурууда техникалык коопсуздук боюнча бардык талаптар колдонулушу зарыл.

Окуу жана өндүрүштүк практикадан өтүүчү студенттерге (мындан ары – студенттер) жумушту аткаруу үчүн, практикага керектүү документтери (жолдомо, жеке аткаруучу тапшырма ж.б.) болгондо, эмгекти коргоо боюнча алгачкы үйрөтүүдөн өткөндө, жумуш ордунда эмгекти коргоо боюнча нускамадан, ошондой эле жабыркаган адамга алгачкы жардам көрсөтүүчү окуудан өткөндө гана ишти аткарууга уруксат берилет.

Бул нускаманын максаты практикадан өтүү мезгилинде студенттердин коопсуздугун камсыздоо.

1.2. Инструктаждын (үйрөтүүнүн) бардык түрлөрүн өткөрүүдө китепчеге (журналга) катышуучунун жана инструктаж өткөрүүчүнүн сөзсүз түрдө коюлуучу жеке кол тамгалары менен катталышы керек:

- Баштапкы инструктажды окуу жайдын (колледждин) окутуучусу- практика жетекчиси өткөрөт, ал практика базасына чейинки жана андан кийинки жолдогу жүрүм-турум эрежелери жөнүндө, техникалык коопсуздук эрежелери менен студенттерди тааныштыруу жана иштин өзгөчөлүгү жөнүндө, техникалык коопсуздук эрежелери боюнча ведомостто катышуучунун жана инструктаж өткөрүүчүнүн сөзсүз түрдө тийиштүү коюлуучу жеке кол тамгаларын болушу жөнүндө практикадан өтө турган бардык студенттерге милдеттүү түрдө түшүндүрмөлөрдү өткөрүүгө милдеттүү;
- Практика өтүүчү жумуш ордундагы инструктаж практика (өз алдынча иштөө) башталганга чейин өткөрүлөт. Инструктаж ар бирине өзүнчө, эмгектин коопсуздук ыкмаларын демонстрациялоо менен өтүлөт.

Инструктажды практика өтө турган ишкананын (мекеменин) түзүмдүк бөлүмүндөгү бекитилген жетекчи өткөрөт.

1.3. Практиканы баштоо үчүн ден соолугу чың,медициналык кароодон өткөн, ден соолугунда терс көрсөткүчтөрү жок студенттерге практикадан өтүүгө уруксат берилет.

1.4. Окутуучу – практика жетекчиси жана ишкананын (мекеменин) түзүмдүк бөлүмүнүн жетекчиси – кызмат адамы практика өтүү үчүн бекитилген студенттин техникалык коопсуздугу боюнча жоопкечилик алат.

Практикадан өтүүчү студенттер техникалык коопсуздук талаптарын сактоо боюнча иштеп жаткан мыйзамдарга ылайык жоопкерчилик алат.

1.5. Ар бир студент төмөнкүлөрдү билиши керек:

- Биринчи жардам көрсөтүүчү аптечка сакталган жерди;
- Биринчи жардам көрсөткөндү;
- Өрт чыккан мезгилде туура аракеттерди жасаганды.

1.6. Студент:

- Сырт кийимин, бут кийимин, баш кийимин атайын сырт кийим сактоого арналган жерге (гардеробныйга) калтырууга;
- Иштиктүү этикеттин талаптарына ылайык тыкан көрүнүүгө;
- Жумуш ордунда тамактанбоого тийиш.

1.7. Студент өндүрүштүк практикадан өтүп жатканда, төмөнкүдөй коркунуч жана зыян келтирүүчү факторлор коштоп калышы мүмкүн:

- Кыймылдаткыч активдүүлүгү чектелген, монотондуу жана байкалаарлык көрүү чыңалуусу бар персоналдык копютерлерде иштөө;
- Колдонуучу электр приборлору менен иштөө (жарыктандыруучу каражаттар, үй тиричилик техникасы, принтер, сканер жана башка офистик техникаларынын түрлөрү) – жогорку деңгээлдеги электрдик чыңалуу менен иштөө;
- Уюмдан тышкаркы жумуш (практикага барып, кайра келүүчү жолдогу) – канааттандырбаган жолдун абалы менен (жолдун тайгактыгы, уңкул-чуңкулдугу) кыймылдаткыч машиналар (автомобилдер жана транспорттун башка түрлөрү).

1.8. Жумуш орундарына арналган имаратты, анын ичиндеги персоналдык компьютерлер менен жабдууларды күндөн коргоочу каражаттар менен (жалюзи, парда ж.б.) камсыздоо зарыл. Персоналдык компьютерлери бар бардык имараттарда табигый жана жасалма жабдуулар болушу керек.

1.9. Жалпы жана жеке жарыктандыруу үчүн ачык лампаларды колдонууга (арматурасы жок) болбойт. Имараттагы жумуш ордун жасалма жабдууну аралаш система түрүндө, жалпы жана өзүнчө жабдууну колдонуу керек.Өзүнчө жеке жабдуу светильниктерди столдун үстүнө орнотуу менен камсыздалат. Абанын чаңдашы менен күрөшүү үчүн күнүгө нымдуу тазалоо жүргүзүп, имаратты желдетүү керек.

## 2. Практика өтүп жатканда коопсуздуктун талаптары

2.1. Жумуш башталар алдындагы эмгекти коргоо талаптары

2.1.1. Жумушка шашып келбес үчүн убакытты туура пайдаланып эрте, шашпай келүү керек – жыгылууну жана жаракат алуу учурларын болтурбоо, бул учурда:

- Тепкичтерден каптал менен кадамдап, түшпөө жана чыкпоо;
- Тосмолорго жана кокустук жаратуучу буюмдарга отурбоо жана таянбоо;
- Коопсуздук белгилерине, белги берүүлөргө маани берүү жана алардын талаптарын аткаруу;
- Алкоголдук жана наркотикалык мас абалда жумушка кирбөө.

Студенттер жолдо жүргөндө транспортто жүрүү жана жол кыймыл эрежелерин сакташы керек. Жолдо жүрүүдө белги коюлган жерден, жол чырагынын (светофордун) жашыл түсү жанганда өтүү керек. Транспорттук каражаттар жүрүп бара жатканда түшпөө жана андан чыкпоо, терезеден башты чыгарбоо зарыл. Темир жолдорун кесип өтүүдө, белги коюлган жерден гана өтүү керек. Жөн жай (попутный) транспортко түшүүгө таптакыр тыюу салынат.

Студенттер практика базасына өзүнүн келгендиги тууралуу окутуучу- практика жетекчисине кабарлоого милдеттүү. Практика базасына келгенде техникалык коопсуздук боюнча инструктаждан өтүү керек. Жумуштун эрежелери, ички тартиби менен таанышуу жана аны сактоо талап кылынат.

2.1.2. Студент практика базасы менен таанышууга милдеттүү, кошумча чыгуунун жайгашкан жерин, медициналык аптечка турган жерди билиши керек. Жумуш ордун жана жабдууларды карап чыгат. Зарыл болгон жабдуулар, эмеректер, шаймандар жана куралдар менен жумуш ордунун камсыздалгандыгын текшериши зарыл. Ашыкча

буюмдарды алып салуу керек. Жабдуулардын жарактуулугун (бузулган эместигин) текшерүүсү зарыл.

2.1.3. Кемчиликтерди жана жараксыздыкты (бузулганды) байкаган учурда, кечиктирбестен практика жетекчисине билдирүү керек жана кемчиликтер оңдолмоюнча, жетекчи уруксат бермейинче жумушка киришүүгө болбойт.

2.2. Жумуш мезгилиндеги эмгекти коргоо талаптары

2.2.1. Практика базасындагы жетекчинин уруксаты жок практика базасынан чыгууга болбойт. Ар бир жасаган кыймылын практика базасындагы жетекчиге макулдашуу керек.

2.2.2. Практиканы өтүү мезгилинде студент төмөнкүлөргө милдеттүү:

- Практиканын программасын аткарууга;
- Практика жетекчисинин көрсөтмөлөрүн аткарууга;
- Аткарылуучу иштин жогорку сапатын камсыздоого;
- Практика өтүп жаткан окуу жайда (колледжде) жана ишканада (мекемеде) техникалык коопсуздук эрежелерин сөзсүз сактоого;
- Практика базасында үлгүлүү эмгек тартибин сактоого;
- Практиканын күндөлүгүн системалуу түрдө толтуруп барууга.

2.2.3. Студент өздүк документин (паспортту, студенттик билетти) жанында алып жүрүүгө милдеттүү.

2.2.4. Практика өтүп жаткан колледждин жана мекеменин техникалык коопсуздук боюнча нускамаларын жана ушул нускаманы толук сакташы керек.Техникалык коопсуздуктун талаптарын, ошондой эле мекеменин уставын аткарбагандыгы үчүн практика базасындагы жетекчи андан ары практика өтүүдөн студентти четтетүүгө укуктуу.

2.2.5. Студенттерге тыюу салынат:

- Спирттик ичимдиктерди жана наркотикалык каражаттарды колдонууга, чегүүгө;
- Практика базасынан өзү билемдик менен (жетекчилерге эскертпей туруп) чыгууга;
- Тепкичтерден чуркап чыгууга жана түшүүгө;
- Жумуш ордунун иретсиздигине (жараксыз нерселердин жатышына) жол берүүгө;
- Тосмолорго жана кокустук жаратуучу буюмдарга отурууга жана таянууга;
- Техникалык эрежелерди бузуу менен жетекчи тапшырбаган, практиканын программасында каралбаган ишти аткарууга, жабдууларды оңдоого жана ачууга, практиканын жетекчиси тапшырбаган иштерди өз алдынча жүргүзүүгө;
- Оңдолбогон (бузулган) жабдуулар менен иштөөгө. Ток өткөргүчтөрүнө (жылаңач, үзүлгөн) тийишүүгө тыюу салынат;
- Оңдолбогон (бузулган) электр приборлорун жана ток өткөргүчтөрүн колдонууга;
- Жандырылган абалдагы электр лампалардын жана жарыктандыруучу шаймандардын чаңын жана кирин тазалоого;
- Электрдик жана башка приборлорду өз алдынча оңдоого;
- Ток өткөргүчтөрүн мыкка, металл жана жыгачтан жасалган нерселерге илүүгө, өткөргүчтү буроого, өткөргүчтү же боону суу түтүктөрүнө, жылытуучу батареяларга салууга, өткөргүчкө бир нерсени илүүгө, сайылган розеткадагы сайгычтын боосунан тартууга;

- Бир мезгилде персоналдык компьютерге да жана жерге туташтырылган шаймандарга-нерселерге (жылытуучу радиаторлорго, суу түтүк крандарына, трубалар ж.б.) тийишүүгө, ошондой эле изоляцияланбаган ток өткөргүчтөрүнө жана корголбогон электр каражаттарынын ток өткөрүүчү бөлүгүнө, аппараттарга жана электр приборлоруна (розеткаларга, патрондорго, өчүргүчтөргө, сактагычтарга) тийүүгө;
- Ачык абада имаратта колдонууга ылайыкталган үй тиричилик приборлорун жана ташып жүрүүчү светильниктерди колдонууга;
- Колдо жасалган электрдик ысыткычтарды жана ачык спиралдуу электрдик приборлорду колдонууга;
- Полдо жаткан ташып жүрүүчү ток өткөргүчтөрдү тебелөөгө.

2.2.6. Практиканы өтүп жаткан студенттер коопсуздук белгилерине, белги берүүлөргө маани берүүсү жана алардын талаптарын аткаруусу зарыл. Абаырайы бузулган мезгилдеги шартта (тайгалак, кар жааган, туман) өзгөчө этияттыкты сактоо керек.

2.2.7. Студентти жумуш ордуна бекитүүдө, эмеректерди жана жабдууларды карап чыгуусу талап кылынат. Жабдуунун жарактуулугун текшерүүсү зарыл. Бузук (оңдолбогон абалдагы) жабдууда иштөөгө тыюу салынат. Жумуш күнү ичинде, кечиктирбестен жумуш ордун иретке келтирип, тазалыгын сактоо керек. Жумуш мөөнөтү ичинде, өз учурунда чачылган материалдарды, буюмдарды, тамакаштарды, төгүлгөн сууну ж.б. жыйноо талап кылынат.

2.2.8. Кемчиликтерди жана иштебегенди (бузулганды) байкап калган учурда, кечиктирбестен практика базасындагы жетекчиге билдирүү керек жана кемчиликтер оңдолмоюнча, жетекчи уруксат бермейинче жумушка кирүүгө тыюу салынат.

**3. Авариялык абалдагы коопсуздуктун талаптары**

3.1. Студенттер практиканы өтүп жаткан жерде техникалык жана өрт коопсуздук эрежелери менен тааныш болууга, аны сөзсүз түрдө аткарууга тийиш.

3.2. Авариялык абал жаралган учурда студент бул жөнүндө практика базасындагы жетекчиге кабарлоого милдеттүү.

3.3. Тездик менен ишти токтотот, персоналдык компьютерди, башка электрдик жабдууларды өчүрөт жана жумуштагы жетекчиге кабарлайт, эгерде:

- Электрдик жабдуулардын жана ток өткөргүчтөрдүн механикалык жабыркоосу жана башка деффектилери табылса;
- Жабдуулар иштеген учурда катуу башкача чыккан үн байкалса;
- Жабдуудан көп ысык бөлүнүп чыгып жатканы байкалса;
- Өрттүн жана түтүндүн жыты сезилсе;
- Электр энергиясынын берилиши токтоп калса.

3.4. Бузулгандар толук оңдолгонго чейин ишке киришүүгө болбойт.

3.5. Күйүп же өрт болгон учурда кызматкерлер (анын ичинде практиканы өтүп жаткан студенттер) ошол замат жумуштарын токтотот, электр приборлорун өчүрөт, 101 телефон номуру боюнча өрт өчүрүүчү бригаданы чакырат,

иштеги жетекчиге кабарлайт жана ошол жердеги өрт өчүрүүчү каражат менен өрттүн очогун жок кылууга киришет.

3.6 Иморатта газдын жыты байкалган учурда:

- Имараттагы кызматкерлерге ачык отту, чылым тартууну, электр приборлорун колдонбоосун, электр жарыгын өчүрүп жандырбоосун эскертүү;
- Терезени (форточканы, фрагумду) ачуу жана имаратты желдетүү;
- Бул жөнүндө уюмдун жетекчисине билдирүү, зарыл болгон учурда, 104 телефон номуру боюнча авариялык газ кызматын чакыруу.

3.7. Кырсык болгон учурда:

- Жабырлануучуну травмалык факторлордон куткаруу;
- Жумуштагы жетекчиге кабарлоо;
- Жабырлануучуга биринчи врачка чейинки жардам көрсөтүү;
- Кырсыктын себептерин иликтегенге чейин мүмкүн болушунча кырдаалды өзгөртпөстөн сактап туруу, эгерде бул аварияга же башка адамдарга травма алып келбесе;
- Зарыл болгон учурда 101 телефон номуру боюнча тез жардам бригадасын чакыруу же жабырлануучуларды медмекемеге жеткирүүгө жардам берүү.

3.8. Практика мезгилинде травма алган студент бул жөнүндө өзүнүн практика базасындагы жетекчисине (уюмдагы) кабарлоого милдеттүү. Биринчи жардам алуу үчүн ишкананын (уюмдун) медпунктуна, ал жок болгон учурда, медициналык мекемеге кайрылышы керек.

**4. Практика мезгилинде жумуштун бүтүшүндөгү коопсуздуктун талаптары**

4.1. Жумуш ордун иретке келтирүү.

4.2. Жабууну өчүрүп, токтон үзүп салуу.

4.3. Уюмдун (ишкананын) имаратынан чыгып жатып:

- Жүрүп бара жаткан транспорт жок экендигине көзү жетүү;
- Тротуар менен жана жөө жүрүүчү жолдор менен басуу.

4.4. Практикадан окуу жайга (колледжге) келгенден кийин студенттер практиканын бүткөндүгү жөнүндө окутуучу- практика жетекчисине билдирүүгө милдеттүү.

4.5. Практика учурундагы табылган бардык кемчиликтер тууралуу студент окутуучуга – практика жетекчисине кабарлашы керек.

Иштеп чыккан
ЭК жана ТК боюнча инженер А.М. Токтосунов